КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ИМ. З.КАЙНАЗАРОВОЙ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**17.04.2024 №3/2**

**Чат-Кель айылы**

## Муниципалдык менчиктеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» жана 2002-жылдын 15-марты № 37 «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» мыйзамдарын жетекчиликке алып,З.Кайназарова атындагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Социалдык-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Кутманалиева Токтайым Айдарбековнанын маалыматын угуп жана талкуулап, айылдык кенештин XXVIII-чакырылышы

## ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Муниципалдык менчиктеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө Жобо 1-тиркемеде бекитилсин.
2. З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Жумашалиев бул Жобонун негизинде Муниципалдык менчиктеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүү боюнча иш алып барсын.
3. З.Кайназарова атындагы айыл кеңешинин жооптуу катчысы Н.Т.Кожомжарова бул токтомду Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгына мамлекеттик тилде каттоого жөнөтсүн.
4. Бул токтомду көзөмөлдөө З.Кайназарова атындагы айылдык кеңешинин жер комиссиясынын төрагасы Ж.Асанбековго жүктөлсүн.

**Төрага** **И.М.Раимкулов**